2-тиркеме
(МКЖӨМК менен “Укук булагы” долбоорунун “ 2024-жылдын ____ ноябрындагы биргелешкен буйругуна

# Пилоттук аксакалдар сотторун тандап алуу тартиби жөнүндө ЖОБО

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул пилоттук аксакалдар сотторун тандоо жөнүндө Жобо 2024–2025-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик (мындан ары-Агенттик) жана “Укук булагы” долбоорун ишке ашырып жаткан USAIDдин Ист-Вест менеджмент институтунун Кыргыз Республикасындагы филиалынын (мындан ары - “Укук булагы” долбоору) ортосундагы 2023-жылдын 12-июнунда кол коюлган өз ара кызматташуу жөнүндө Меморандумду ишке ашыруу боюнча Иш-чаралар планынын 3.1 пунктун аткаруу боюнча иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасында аксакалдар соттору институтун мындан ары өнүктүрүүгө багытталган.

2. Кыргыз Республикасынын облустарынан, Бишкек жана Ош шаарларынан төмөнкү квоталарга ылайык 16 пилоттук аксакалдар соттору тандылып алынат:

Баткен облусу – 2;
Ош облусу – 2;
Жалал-Абад облусу – 2;
Талас облусу – 2;
Чүй облусу – 2;
Ысык-Көл облусу – 2;
Нарын облусу – 2;
Бишкек шаары – 1;
Ош шаары – 1.

“Укук булагы” долбоору пилоттук аксакалдар сотторуна жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (айыл өкмөттөрү, мэриялар) аркылуу, жалпы суммасы 42 000 АКШ долларын түзгөн материалдык жана техникалык колдоо көрсөтөт (мебелдер, компьютерлер ж.б.).

3. 16 пилоттук аксакалдар сотун тандоо бул институтту колдоого жана өнүктүрүүгө, анын натыйжалуулугун жогорулатууга, үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жана адамдарга багытталган адилеттикти жайылтууга багытталган пилоттук долбоордун бир бөлүгү болуп саналат.

4. Пилоттук аксакалдар сотторун тандоо ачык сынак жолу менен жүргүзүлөт. Бул конкурска Кыргыз Республикасынын бардык айыл аймактарындагы жана шаарларындагы аксакалдар соттору катышууга укуктуу.

## 2-глава. Пилоттук аксакал сотторун тандоо критерийлери:

5. Пилоттук аксакалдар сотторун тандоо критерийлери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) аксакалдар соту үчүн ЖӨБ органынын административдик имаратында же калктуу конуштун борборунда даяр жайдын (1 бөлмөдөн кем эмес) болушу, ЖӨБ органынын аксакалдар сотунун иш бөлмөсүн, зарылчылык болгондо жергиликтүү бюджеттен эсебинен оңдоп-түзөө иштерин жүргүзүп берүү мүмкүндүгү;

2) ЖӨБ органынын аксакалдар сотторуна ар тараптуу колдоо көрсөтүүгө, анын ичинде каржылык же инфраструктуралык жактан колдоо көрсөтүүгө мүмкүндүгү;

3) аксакалдар сотунун жергиликтүү жамаатта талаш-тартыштарды чечүүдө активдүү иш алып барган тажрыйбасынын, документтештирилген чечимдеринин жана аксакалдар сотунун мүчөлөрүнүн эл ичинде аброюнун болушу;

4) аксакалдар сотунун сапаттык курамы: квалификациясы (кесипкөйлүгү), тажрыйбасы, билим деңгээли, гендердик тең салмактуулугу ж.б.

5) кызматташууга ачыктыгы, реформаларга, тренингдерге жана квалификациясын жогорулатуу программаларына катышууга жана жаңы ыкмаларды активдүү колдонууга кызыкдар болушу;

Тандоо учурунда аялдарды аксакалдар сотторунун курамына активдүү тартууга мүмкүнчүлүгү бар ЖӨБ органдарына артыкчылык берилет.

## 3-глава. Пилоттук аксакалдар сотторун тандоо

6. Пилоттук аксакалдар сотторун тандоо үч этапта жүргүзүлөт.

7. Биринчи этап 2024-жылдын 2-ноябрынан18-декабрына чейин уланат. Бул этапта конкурстук тандоого катышууну каалаган аксакалдар соттору айыл өкмөттөрү же мэриялар аркылуу өтүнмөлөрдү тапшырышат. Өтүнмөлөргө аксакалдар сотторун имарат менен камсыз кылуу жана аны оңдоону камсыздоо боюнча кепилдик кат тиркелиши керек (ушул пунктка ылайык 1 жана 2 тиркемелер).

8. Экинчи этап - алдын ала тандоо этабы 2024-жылдын 6-8 декабрында жүргүзүлөт. Бул этапта биргелешкен комиссия берилген өтүнмөлөрдү карап чыгып, белгиленген критерийлердин жана ЖӨБ органдарынын милдеттенмелеринин негизинде ар бир облустан, Бишкек жана Ош шаарларынан жалпы 25 (ар бир облустан 3төн, Бишкек жана Ош шаарларынан 2ден) потенциалдуу катышуучуларды тандайт.

9. Үчүнчү этап 2024-жылдын 9-декабрынан 21-декабрына чейин уланат.

Үчүнчү этапта биргелешкен комиссиянын мүчөлөрү алдын ала тандалган аксакалдар соттору менен жеринде таанышат, аксакалдар сотторунун курамы менен жолугушуп, алардын имараттарын карашат жана пилоттук аксакалдар сотторунун тандоосуна катышкан аксакалдар сотторуна жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилген кепилдиктерди аткаруу мүмкүнчүлүгүн баалоо үчүн тиешелүү жетекчилер менен жолугушууларды өткөрүшөт.

10. Пилоттук аксакалдар сотторун тандоонун жыйынтыгы менен ушул Жобонун 2-пунктунда аныкталган квотадагы сандагы пилоттук аксакалдар соттору тандалып алынат. Жыйынтыгы Агенттик жана «Укук булагы» долбоорунун биргелешкен буйругу менен 2025-жылдын 30-январынан кечиктирилбестен жарыяланат.

## 4-глава. Корутунду жоболор:

11.Аксакалдар сотторунун пилоттук тандоого катышуусун камсыздоо, аксакалдар сотторунун курамынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери менен жолугушуусун уюштуруу милдети жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана Агенттикке жүктөлөт.

12. Пилоттук аксакалдар сотторун тандоо иш-чараларына байланыштуу каржылык камсыздоо «Укук булагы» долбоору тарабынан жүзөгө ашырылат.